КИТЕП
ДҮЙНӨСҮНӨ
САЯКАТ

Байтемир Асаналиев

# МЕН КЫЯЛКЕЧ БАЛАМЫН



## Байтемир Асаналиев

# МЕН КЫЯЛКЕЧ БАЛАМЫН

*3 жаштан 5 жашка чейинки балдарга ырлар жыйнагы*



Сүрөтчү
Кульнар Рымбек

Областтык китепкананын
БАЛДАР КИТЕПКАНАСЫ
Инв. № 8/н

Бишкек 2015

УДК 821.51-93
ББК 83.8
А 90

А 90 **Асаналиев Байтемир. Мен кыялкеч баламын:** 3 жаштан 5 жашка чейинки балдарга ырлар жыйнагы/**Сүрөттөрүн тарткан К. Рымбек.** – Б.: Кутаалам, 2015. – 24 б., ил.

ISBN 978-9967-25-175-5

Балдардын сүйүктүү акыны, Тоголок Молдо атындагы адабий сыйлыктын лауреаты Байтемир Асаналиевдин бул жаңы китебине бөбөктөргө арналган кыска, бирок кызыктуу ырлары топтолду. Ырлар бөбөктөрдүн өздөрүн курчап турган айлана-чөйрөнү аңдап билишине, түшүнүктөрүнүн кеңейишине жардам берери талашсыз.

А 4803300200-08
ISBN 978-9967-25-175-5

УДК 821.51-93
ББК 83.8
© ЖЧК "Кутаалам", 2015.



## ГҮЛДӨР

Суктанышат көргөндөр,
Мен өстүргөн гүлүмө.
Күн ысыкта солутпай,
Сугарамын күнүгө.

Ал ансайын гүлдөр да,
Ажарланып кулпурат.
Айланага көрк берет,
Атыр жыты буркурап.

Көпөлөктөр гүлгө ашык,
Учуп, конуп жыргашат.
Шире соруп аарылар,
Гүлдөрдү мактап ырдашат.



## КУУРЧАК

Ырдатышса – ырдаймын.
Ыйлатышса – ыйлаймын.
Кичинекей кыздарга
Кирпигимди ымдаймын.
Алар менен кошо ойноп,
Айтор, кечке жыргаймын.



## МЕН КЫЯЛКЕЧ БАЛАМЫН

Тамгаларды бүт таанып,
Окуганды үйрөндүм.
Тарта алам сүрөтүн,
Көп кабаттуу үйлөрдүн.



Ал үйлөрдүн алдында
Түркүн гүлү, багы бар.
Учуп, конот тынымсыз
Көпөлөктөр, аарылар.

Анан дагы билемин,
"Ата", "Апа" деп жазганды.
Көпкөк түскө боёдум,
Күн нур чачкан асманды.

Колдорумду ачып, жуумп,
Жүзгө чейин санаймын.
Бат чоңоюп, мектептен,
Окусам деп самаймын.

Эжемди ээрчип күнүгө,
Бакчага да барамын.
Кежир эмес, тил алчаак,
Мен кыялкеч баламын.



## БАКА

Башы жалпак
Бакамын,
Сазда
Чардап жатамын.
Көбөйсүн деп
Бакалар,
Уругумду чачамын.
Түн киргенде
Хор ырдап,
Ызы-чууга батамын.



## ЭЧКИ

Эрмен менен
Шыбактын,
Эчки
Берет сазайын.

А мен койдон
Улуумун,
Анткени,
Бар да сакалым.



## КОРУЛБАСА...

Эсиңде болсун
Баарыңдын:
Корулбаса

Жаш көчөт,
Коем аарчып
Кабыгын!



## КӨКТӨМ

Бак-дарак бүрдөп,
Алма, өрүк гүлдөп,
Толкутуп адамды,
Тоолордо гүл көп.



Булуттар түрмөк,
Асманды бүркөп,
Жашарсын жер деп,
Жамгырын бүркөт.

Күмүш нур төрөп,
Күн мээрим төгөт.
Эңсеткен жазга,
Эркелейт бөбөк.



## КИМИСИ БАЛБАН?

- Мен күчтүүмүн, - деп Мурат,
- Мен күчтүүмүн, - деп Турат.
Ортосунда экөөнүн,
Пайда болуп эрегиш,
Чыбык аттар ойдолоп,
Башталды эми эр эңиш.



Мурат тартты Туратты,
Турат тартты Муратты.
Аттарынан кулашты,
Экөө бирдей сулашты.
Карап турган бөбөктөр:
- Ким жыкты ? – деп сурашты.



## КИЧИНЕКЕЙ ЖӨЖӨЛӨР

Кичинекей жөжөлөр,
Жакшы көрөм силерди.
Ойнойсуңар жүгүрүп,
Тепсеп мамык шиберди.



Ээрчип алып энеңерди,
Огородго барасыңар.
Чыйп-чыйп этип жерди чукуп,
Ширин тамак табасыңар.

Энеңердин тилин албай,
Жалгыз алыс кетпегиле.
Айры куйрук илип кетет,
Аны дайым эстегиле.



## БӨБӨК ЖАНА КҮЧҮГҮ

Кичинекей Мойнок,
Алмаз менен ойноп,
Жатып алды бутуна
Басар жолун мойноп.



Качты Алмаз үйүнө,
Каап алат деп ойлоп.
Таарынды бейм... күчүк да,
Кетип калды жойлоп.



## КУУРЧАГЫН МАКТАДЫ

Ыйлаганы Таланттын,
Жылдызгүлгө жакпады.



“Бир да ыйлап койбойт” деп,
Куурчагын мактады.



## КЫЯЛДАНУУ

Үйдө жалгыз калганда
Колума алдым комузду,
Шартылдата чалганда
Шаңкылдады добушу.

Орундалып ойдогум,
Кулактарын толгодум.
Сол кол басып кылдарды,
Ойдолоду оң колум.



Күүнүн жагып мукамы
Күбүп салды кусамы...
Обон созуп ырдадым
Туурап Атай, Мусаны.

Анан тарттым кыякты,
Андан укмуш күү акты...
Артист болом чоңойсом,
Асек атам сыяктуу!



## АШЫМ

Чыт курсак Ашым,
Кылгыртып жашын,
Энесине шыбырайт:
- Ооруп турат башым ...

- Аарчы, - деп, - жашың,
Алма берсе бачым,
Ойноп кетти Ашым:
- Басылды, - деп, - башым.

# МАЗМУНУ

Гүлдөр ........................................................................3

Куурчак ...................................................................... 4

Мен кыялкеч баламын ............................................... 5

Бака ............................................................................ 7

Эчки ............................................................................ 8

Корулбаса ................................................................... 9

Көктөм ........................................................................10

Кимиси балбан?...........................................................12

Кичинекей жөжөлөр .....................................................14

Бөбөк жана күчүгү .......................................................16

Куурчагын мактады .....................................................18

Кыялдануу ................................................................ 20

Ашым ......................................................................... 22



## Байтемир Асаналиев

Белгилүү балдар акыны жана котормочу Байтемир Асаналиев 1940-жылы туулган. Туңгуч китеби балдарга арналып, "Жаз боёгу" деген ат менен 1967-жылы жарык көргөн. Андан соң "Балдар неге күлүштү?", "Табышмактар", "Айбанаттар паркында" ж.б. китептери басмадан чыккан. Айрым ырлары бир катар чет тилдерге которулган. Анын котормосунда И.Тургеневдин "Түркөй", К.Чуковскийдин "Эр жүрөк Персей", А.Бартонун "Кышкы токойдон гүл терүү", Е.Мардын "Найзадагы желек" сыяктуу китептери балдарга тартууланган.

Ырларынын тематикасын туулган жердин көркү, балдардын жаратылыш кубулуштарын аңдап билүүсү, ар нерсеге кызыгуулары жана кыялдануулары жөнүндөгү чыгармалар түзөт. Негизинен бөбөктөр жана кенже балдар үчүн жазат.

Б.Асаналиев Т. Молдо атындагы адабий сыйлыктын лауреаты, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер.



**Асаналиев Байтемир**
**Мен кыялкеч баламын**
3 жаштан 5 жашка чейинки балдарга ырлар жыйнагы

Сүрөтчүсү К. Рымбек
Сүрөт редактору Б. Жайчибеков
Редактору А. Кабылова
Компьютердик калыптоочу А. Анохин
Корректору Г. Сагынбекова

Нускасы 1000
**ЖЧК "Кутаалам"**

## "Китеп дүйнөсүнө саякат"
Балдар көркөм адабият сериясы

